«Макулдашылды»
Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлиги
_______________________________
«_07_»____07_______2020-ж.

«Бекитемин»
ОшМУнун ректору, доцент
______________К.Г. Кожобеков
«_____»______________2020-ж.

# Ош мамлекеттик университетине жогорку кесиптик билим берүү боюнча кабыл алуу ТАРТИБИ

**I. Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттердин жарандарын Ош мамлекеттик университетине жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуунун акысын төлөө менен юридикалык жана (же) физикалык тараптар менен келишимдик негизде кабыл алууну жөнгө салат.

1.2. Ушул тартип КР «Билим берүү» жөнүндөгү мыйзамына, КР өкмөтүнүн 2012-ж. 19-июнундагы №429 токтомуна, КР өкмөтүнүн 2011-ж. 21-майда №256 токтому менен бекитилген КР жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибине жана башка укуктук нормативдүү актыларга ылайык иштелип чыккан.

1.3. ОшМУ жыл сайын КРнын мыйзамдарына каршы келбеген кабыл алуу эрежелерин өз алдынча иштеп чыгат, бекитет жана КР билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашат.

1.4. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун биринчи курсуна жалпы орто жана кесиптик орто билимге ээ жарандар кабыл алынат.

1.5. ОшМУга тездетилген программалар боюнча окутууга ар түрдүү деңгээлдердеги жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар адамдар кабыл алынат. Жождорго тийиштүү адистиктерге тездетилген программалар боюнча окутууга тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар адамдар кабыл алынат. Орто кесиптик билимдин профили жогорку кесиптик билимдин профилине шайкештиги жож тарабынан өз алдынча аныкталат. Онлайн документтерди кабыл алуу priem.oshsu.kg сайты аркылуу жүргүзүлөт. Документтерди priem@oshsu.kg электрондук почтасына жөнөтүүгө болот.

1.6. Магистр даярдоо программасы боюнча окутууга "бакалавр" академиялык даражасы ыйгарылган жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому же "адис" квалификациясы ыйгарылганын ырастоочу жогорку кесиптик билими бар адамдар кабыл алынат. Онлайн документтерди кабыл алуу priem.oshsu.kg сайты аркылуу жүргүзүлөт. Документтерди priem@oshsu.kg электрондук почтасына жөнөтүүгө болот.

1.7. Эгерде бул даражадагы билим биринчи ирет алынып жатса, КРнын жарандары ОшМУда мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык конкурстук негизде акысыз жогорку билим алууга укуктуу.

1.8. ОшМУга башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген, эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосундагы же жекече жарандар ортосундагы келишимдердин негизинде ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына чет өлкөлүк жарандарды тандоо үчүн дүйнөнүн ар кандай өлкөлөрүндө ортомчулук кызматтарды көрсөтүүчү өнөктөштөр менен жогорку окуу жайлардын ортосундагы келишимдер жогорку окуу жайларына кабыл алуу жөнүндө жарыя чыкканга чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылышы керек.

1.9. ОшМУнун күндүзгү, кечки жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө кирүүдө негизги критерийлер болуп абитуриенттердин билим деңгээли жана алардын жөндөмдүүлүгү эсептелет.

1.10. ОшМУ даярдалуучу багыттардын жана адистиктердин тизмесин КР Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашуудан кийин абитуриенттерди кабыл алуу боюнча жарыя кылат.

**II. Жогорку окуу жайына кабыл алууну уюштуруу.**

2.2. Келишимдин негизинде акысын төлөп окуунун бардык түрүнө кабыл алуу үчүн жождун жетечисинин буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт жана анын төрагасы жождун ректору болот.

2.3. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышына, лицензия тарабынан чектелген контингенттин, ошондой эле ЖОЖго кабыл алуу боюнча – нормативдүү-укуктук актылардын талаптарынын сакталышына жооптуу болуп саналат. Ал кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибин, жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

2.4. Кабыл алуу комиссиясынын курамын, ыйгарымдуу укуктарын жана ишмердүүлүк тартибин жождун ректору тарабынан бекитилген кабыл алуу комиссиясы жөнүндө жобо аныктайт. Кабыл алуу комиссиянын ыйгарымдуу укуктары бир жылдык мөөнөттү түзөт.

2.5. Кабыл алуу комиссиясынын ишин, иш кагаздарын жана абитуриенттердин кабыл алуусун ректор тарабынан дайындалган жооптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчынын талапкерлиги КР билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылат. Бир эле тарап катары менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.6. Кирүү сынактарды уюштуруу үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы сынак жана апелляциялык комиссиялардын курамын бекитет. Бул комиссиялардын ыйгарымдуу укуктары жана ишмердүүлүк тартиби жождун ректору тарабынан бекитилген жоболор менен аныкталат. Сынак алуу комиссиялары ОшМУнун тажрыйбалуу окутуучуларынан түзүлөт. Бул комиссиянын курамы жыл сайын 50% дан кем эмес жаңылануута тийиш.

2.7. Тездетилген программалар боюнча окутууга кабыл алууда аттестациялык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн жождо аттестациялык комиссиялар түзүлөт. Аттестациялык комиссияларды түзүүнүн тартиби, курамы, укуктары жана иш тартиби, ошондой эле аттестациялык сынактарды өткөрүүнүн жол жоболору жождун ректору тарабынан бекитилген тийиштүү жоболор менен аныкталат.

2.8. Жогорку окуу жайына кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жарандардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталган билим алуу жаатындагы укуктарын, кабыл алуу комиссиясынын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын, кирүүчүлөрдүн жөндөмдүүлүктөрүн обьективдүү баалоону, кабыл алууну өткөрүүнүн бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигине болгон жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

2.9. Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин ЖРТга катышкандыгы тууралуу маалыматтын аныктыгын көзөмөлдөөнү ишке ашырууга милдеттүү, ошондой эле абитуриент тапшырган башка документтерди текшерүүгө укуктуу.

**III. Абитуриенттерге маалымат берүүнү уюштуруу**

3.1. Абитуриент, анын мыйзамдуу өкүлдөрү, ата-энелер ЖОЖдун Уставы, анын билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө алган лицензиялары жана мамлекеттик же башка аттестациялоо (аккредитациялоо) сертификаттары, ЖОЖго кабыл алуу эрежелери, ошондой эле кирүү сыноолорунун программалары жана кабыл алууга байланыштуу башка маалыматтар менен таанышууга укуктуу. Окутуу акысын төлөө келишими менен окуу орундарына кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти, анын мыйзамдуу өкүлдөрүн, ата-энелерди тараптардын милдеттери жана укуктары менен, окутуу акысынын өлчөмү жана аны төлөө тартиби менен, окутуу акысын төлөөдөгү мүмкүн болуучу жеңилдиктер менен тааныштырууга милдеттүү.

3.2. ЖОЖдо жарандарды кесиптик жогорку билим берүү программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө лицензиясы болгон учурда гана жарандарды окутууга кабыл алууну жарыялайт.

3.3. Абитуриентти жана (же) анын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) кабыл алуу эрежелери менен тааныштыруу максатында ЖОЖ 3.1. пунктта көрсөтүлгөн документтерди өзүнүн расмий сайтына жайгаштырууга (www.oshsu.kg) жана/же 1-майдан кечикпеген мөөнөттө ЖОЖ ичинде маалымат тактайларын тариздөөгө милдеттүү.

3.4. Документтерди кабыл алууга чейин кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү жарыялайт:

- ЖОЖго жыл сайын кабыл алуу эрежелери;
- билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө болгон лицензияларына ылайык кабыл алуу жарыялануучу даярдоо багыттары жана адистиктердин тизмеси;

- ар бир даярдоо багыты менен адистиктер боюнча жалпы билим берүүчү предметтер боюнча кирүү сынактарынын тизмеси;
- жогорку кесиптик билимге ээ болгон тараптар үчүн кирүү сынактарын өткөрүү тартиби жана формасы;
- магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кирүү сыноолорун жана экинчи, андан кийинки курстарга окууга кабыл алуу боюнча аттестациялык сыноолорун өткөрүү тартиби жана формасы;
- ар бир даярдоо багыты жана адистиктер боюнча биринчи курска кабыл алуу үчүн орундардын жалпы саны;
- кирүү жана аттестациялык сыноолордун жыйынтыгы боюнча апелляцияга берүү жана аны кароо эрежелери;
- башка жерлерден келип тапшыруучулар үчүн жатакана(лар) тууралуу жана жатаканалардагы орундардын саны тууралуу;
- окутуу акысын төлөө келишими боюнча окуучулар үчүн келишимдин үлгүсү.
- магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кирүү сыноолорун жана экинчи, андан кийинки курстарга окутуу үчүн аттестациялык сыноолорду өткөрүү мөөнөтү;
- окутуу акысын төлөө мөөнөтү.

3.5. Документтерди кабыл алуу мезгилинде ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясы келип түшкөн арыздардын саны жана конкурс тууралуу абитуриенттерге күн сайын маалымат берип турат, абитуриенттердин бардык суроолоруна жооп берүү үчүн атайын телефон линияларынын (Call center 0770 111 110, 03222 70818) иштеп туруусун уюштурат.

Келип түшкөн арыздардын саны, конкурс тууралуу маалымат ар бир даярдоо багыты/адистик боюнча ЖОЖдун расмий сайтында жана/же кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактайында берилип турууга тийиш.

## IV. Документтерди кабыл алуу

4.1. Окутуу акысын төлөө келишими менен окуу орундарына кабыл алуу ЖРТнын негизинде “Абитуриент Online” автоматташтырылган маалыматтык системасынын жардамында 2020.edu.gov.kg сайты аркылуу онлайн режиминде министрлик бекиткен график боюнча жүргүзүлөт. Ал эми документтердин түп нускаларын абитуриенттер окууга келгенде кабыл алуу комиссиясынын тиешелүү техкатчыларына тапшырышат.

Ал эми кошумча сынактар талап кылынуучу адистиктерге кабыл алуу КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 1-июлундагы №526/1 “Кошумча сынактарды талап кылуучу адистиктерге жана даярдоо багыттарына, абитуриенттерди кабыл алууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары милдеттуу болбогон даярдоо багыттарына жана адистиктерге карата кируу сынактарын өткөрүү жөнүндөгү” буйругунун негизинде санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо менен ишке ашырылат.

Документтерди кабыл алуу 10-июлдан башталып, онлайн режиминде аралыктан ишке ашырылышына уруксат берилет. Ал эми кирүү сынактарын өзгөчө кырдаалдар, өзгөчө абал, карантин учурларында билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу менен онлайн режиминде (компьютердик тестирлөө, видебайланыш аркылуу оозеки, аңгемелешүү түрүндө) сынактын жыйынтыктарын сактоо менен жүргүзүүгө мүмкүн.

Магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кабыл алуу 10-июлдан башталып, 1-октябрда аяктайт.

4.2. ЖОЖдорго кабыл алуу жарандын жеке өзүнүн арызы менен жүргүзүлөт.

4.3. Абитуриент бир эле убакта бир нече ЖОЖдордо, бир нече даярдоо багыттары (адистиктер), ошондой эле билим алуунун ар кандай формаларына (күндүзгү, күндүзгү-сырткы (кечки), сырткы (дистант. технолог. колд. менен) конкурска катышууга арыз берүүгө укуктуу.

ЖОЖго кабыл алуу жөнүндө арыз берүүдө абитуриент анын атуулдугун жана жарандыгын тастыктоочу документин көрсөтөт. Арызга жалпы орто же кесиптик орто билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ жана керектүү санда фотосүрөтү тиркелет. Кошумча документтерди (ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүктөр, медициналык-социалдык

экспертизанын корутундусу ж.б.) абитуриент Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган жеңилдиктерди алууга умтулган учурда көрсөтөт.

4.4. ОшМУга кирүү тууралуу арыз берүүдө кирүүчү төмөнкү документтерди тапшырат:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- орто мектепти бүткөндүгү жөнүндө аттестаттын же орто кесиптик билими жөнүндөгү дипломдун түп нускасы же дубликаты;
- аскердик билет же аскердик күбөлүк;
- керектүү сандагы фотосүрөт (3х4 - 6 даана).

4.5. Кыргыз Республикасынын жарандарынын документтеринин ксерокөчүрмөсүн тастыктоо алар тапшырылып жаткан ЖОЖ тарабынан жүргүзүлүшүнө уруксат берилет.

4.6. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билими же орто кесиптик билими тууралуу мамлекеттик документине эквиваленттүү билими тууралуу документин көрсөтүшү керек. Чет өлкөлүк окуу жайлар тарабынан берилген билими жөнүндөгү документтердин экспертизасы билим берүү жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар каттоо КР ББИМ тарабынан берилген, билиминин мазмун деңгээлинин ылайыктуулугу жөнүндө маалымкатты көрсөтпөсө, кабыл алынбайт.

4.7. Гранттык (бюджеттик) орундарга тандоо турларын жана абитуриенттерди студенттикке каттоону өткөрүү тартиби өзүнчө жобо менен аныкталат.

4.8. Ар бир окууга тапшырган адамга өздүк дело ачылат, анда бардык тапшырылган документтер жана кирүү сыноолорун, аттестациялык сыноолорду тапшыруудагы материалдар (анын ичинде ЖОЖдун апелляциялык комиссиясынын чечиминин протоколунан көчүрмө) сакталат.

Кирүүчүлөрдүн өздүк делолору ЖОЖдо документ кабыл алына баштаган күндөн тарта алты ай бою сакталат.

4.9. Чет өлкөдө жашаган этникалык кыргыздарды бюджеттик негизде кабыл алуу мамлекеттер аралык келишимге ылайык министрдин буйругунун негизинде университеттин ректорунун буйругу менен ишке ашырылат. Аталган абитуриенттерге кирүү сыноолорун жиберген тарап уюштуруп, алар боюнча сынактын материалдары сынакты уюштурган тарапта сакталат.

4.10. Абитуриентке анын документтери кабыл алынгандыгы тууралуу тил кат берилет.

4.11. ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясына жасалма документтерди тапшырган абитуриенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан каралган тартипте жоопкерчиликке тартылат. .

## V. Жалпы республикалык тестирлөө жана кирүү сынактары

5.1. Гранттык, келишимдик (күндүзгү, кечки, сырткы) орундарга абитуриенттерди конкурска кабыл алуу 2020-жылдагы «Абитуриент онлайн» автоматташтырылган маалымат системасы менен 2020.edu.gov.kg сайты аркылуу ЖРТнын жыйынтыгы боюнча гана жүргүзүлөт. Абитуриент босого баллдан жогору балл алса, кабыл алуу комиссиясы конкурска катышуу үчүн сертификаттарды кабыл алуудан баш тартууга укуксуз. Мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөнгө чейин абитуриент тапшырган ЖРТнын жыйынтыктары 3 жыл ичинде жарактуу.

5.2. ЖРТнын жыйынтыктары менен акы төлөө келишими боюнча окутуу орундарына баардык окуу формасына конкурс өткөрүүнүн мөөнөтү жана тартиби абитуриенттерди гранттык окууга тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүүгө окшош. Абитуриент ар бир турда сертификатынын кагаз же электрондук талонун тапшыруу менен бир ЖОЖду тандап алуга укуктуу. Конкурс мамлекеттик билим берүү грантын алууга талапкер абитуриенттер үчүн белгиленген, абитуриенттердин категорияларын эске албастан өткөрүлөт, эң жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алууга сунушталат.

Сынак өткөрүү жана окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан, анын ичинде дистанттык технологияларды колдонуу менен формаларына конкурс өткөрүү жана кабыл алуу мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан өз алдынча белгиленет. Кошумча предметтик тесттерди талап кылган (медициналык адистиктерден тышкары) адистиктерге жана багыттарга окутуу акысын

төлөө менен келишим боюнча орундарга сынакка бул тесттерди тапшырбаган, бирок негизги тест боюнча чектиктен жогору баллы бар абитуриенттерге уруксат берилет. Бул адистиктерге эсепке киргизүүдө предметтик тесттердин жыйынтыктары бар абитуриенттер артыкчылыктуу укуктан пайдаланышат, калган орундарга негизги тесттин жыйынтыктары боюнча абитуриенттер сунушталат.

Теология багыты боюнча окутуу Түркия жана КРнын ортосундагы эл аралык келишими боюнча жүргүзүлгөндүктөн жана Түркия тарабынан каржылангандыктан, босоголук балл ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат.

5.3. Чет элдик жарандар үчүн кирүү сынактары онлайн тестирлөө же аңгемелешүү аркылуу жүргүзүлөт. ЖОЖ кирүү сынактарын чет элдик жарандар-абитуриенттер жана ЖРТ милдеттүү болбогон адистиктер/багыттар үчүн гана өткөрөт. Кошумча сынактар талап кылынуучу адистиктерге кабыл алуу КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 1-июлундагы №526/1 "Кошумча сынактарды талап кылуучу адистиктерге жана даярдоо багыттарына, абитуриенттерди кабыл алууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары милдеттуу болбогон даярдоо багыттарына жана адистиктерге карата кируу сынактарын өткөрүү жөнүндөгү" буйругунун негизинде санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо менен ишке ашырылат.

5.4. Кирүү сынактары абитуриенттерди ЖРТ жыйынтыгы боюнча тандоо турларын өткөрүү менен бир эле мезгилде өткөрүлүшү мүмкүн.

5.5. ОшМУга кабыл алуу эрежелеринде кирүү сынактары өткөрүлүүчү предметтердин тизмеги аныкталат (алар үчтөн кем эмес болуп, бирөөсү – тил боюнча, бирөөсү – тандалган адистик/багыт боюнча негизги (профилдик) предмет болот).

5.6. Кирүү сынактары (искусство факультетинин, кино академиясынын жана дене тарбия адистиктери (багыттары) боюнча сынактардан сырткары) жалпы орто билим берүү программалары боюнча өткөрүлөт.

5.7. Жождордо кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөтү - 10-июлдан 28-августка чейин жүргүзүлөт.Чет элдик жарандар үчүн кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөтү – 10-июлдан 15-октябрга чейин узартылышы мүмкүн.

5.8. Чет элдик жарандар үчүн атайын келишимдин негизинде кирүү сынактарын чет өлкөлөрдө өткөрүүгө уруксат берилет.

5.9. Кирүү сынактарынын жана аттестациялык сынактардын жадыбалы (предмети, өткөрүү күнү, убактысы, сынак тайпасы жана сынак өткөрүлүүчү жай, консультациялар, жыйынтыктарды жарыялоо күнү менен убактысы) кабыл алуу комиссиясынын төрагасы же анын орун басары тарабынан бекитилип, абитуриенттерге 10-июлга чейин маалымдалат. Кирүү сынактарынын жана аттестациялык сынактардын жадыбалында сынак комиссиясынын төрагаларынын жана сынакчылардын фамилиясы көрсөтүлбөйт.

5.10. Документтерин кабыл алуу аяктагандан кийин алып кеткен тараптар конкурска катышуудан четтетилет.

5.11. Жүйөлүү себептер менен (документ менен тастыкталган ооруп калуу же башка кырдаалдар) кирүү сынактарына кирбей калгандар кирүү сынактарынын кийинки этаптарында параллель топтор менен же алар аяктагандан кийин жекече киргизилет.

5.12. Жожго тездетилген программа боюнча окутууга кабыл алуу жогорку же орто кесиптик билим алууда өтүлгөн айрым сабактарды окутуунун жана башка окутуу иш-чараларынын натыйжаларын кайрадан аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) негизинде ишке ашырылат. Окутуунун натыйжаларын кайрадан аттестациялоо (кайра зачет тапшыруу) жож тарабынан өз алдынча жүргүзүлөт. Мында тездетилген программаларды ишке ашырууда окутуунун мөөнөтү башка билим берүү программасы боюнча орто кесиптик билим жана (же) жогорку билим алууда студент өздөштүргөн (өткөн) айрым Дисциплиналар (модулдар) жана (же) айрым практикалар боюнча окутуунун натыйжаларын толук же жарым-жартылай кайрадан аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен аныкталат.

5.13. Магистратура программалары боюнча окутуу үчүн конкурс жарандардын арызына ылайык кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча өткөрүлөт.

Өзгөчө кырдаалдар, өзгөчө абал, карантин учурларында билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча онлайн режиминде кирүү экзамендерин өткөрүүгө жол берилет.

### VI. Кирүү сынактарынын өткөрүүнүн жалпы эрежелери

6.1. Кирүү сынактары оозеки жана жазуу жүзүндөгү сынак, бланкалык же компьютердик тест, ошондой эле аңгемелешүү түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн.

Өзгөчө кырдаалдар, өзгөчө абал, карантин учурларында билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча онлайн режиминде кирүү экзамендерин өткөрүүгө жол берилет.

6.2. ЖОЖдун предметтик комиссиялары тарабынан иштелип чыккан тест-тапшырмалар, оозеки сынактар үчүн билеттер, жазуу жүзүндөгү сынактар үчүн тапшырмалар жалпы орто билим берүү программасына дал келүүгө тийиш.

6.3. Тест-тапшырмалардын, оозеки жана жазуу жүзүндөгү сынактардын тапшырмаларынын пакеттери жана алардын ачкычтары (жооптору) конвертке салынып бекитилип, кабыл алуу комиссиясынын төрагасында сакталат жана түздөн түз тест (сынак) өткөрүлөөр алдында гана ачылат.

6.4. Тестирлөөнүн же жазуу жүзүндөгү сынактын узактыгы ЖОЖ тарабынан аныкталат.

6.5. Абитуриенттер кирүү сынактарына паспортун же атуулдугун тастыктоочу башка документти көрсөтсө гана киргизилет.

6.6. Кирүү сынактары башталар алдында сынак комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан сынакты өткөрүү боюнча нускама берилет.

6.7. Кирүү сынактары жүрүп жатканда абитуриенттерге тыюу салынат:

- окуу китептерин, дептерлерди, жазылган барактарды, мобилдүү телефондорду, электрондук жазуу китепчелерин же маалыматты сактоочу башка каражаттарды алып кирүүгө жана пайдаланууга;
- сынакчылардын уруксатысыз сүйлөшүүгө же ордун алмаштырып олтурууга;
- сынак билеттерин, жооп бланкаларын жана жазгандарын бири бири менен алмашууга.

Кирүү сынактарын өткөрүү тартиби койгон талаптарды бир нече жолу бузган учурда абитуриент сынактан четтетилет жана кийинки сынактарга киргизилбейт. Сынактан четтетүү боюнча тиешелүү акт түзүлүп, сынак комиссиясынын мүчөлөрү кол коюп тастыкташат.

6.8. Абитуриенттер аткарылган тест-тапшырманы тапшырган соң комиссия мүчөлөрү тарабынан тест тапшырмасындагы варианттын номери менен жооп бланкасындагы номердин дал келүүсү, жооп бланкындагы оңдоолордун, белгилердин жоктугу, бланканын сыя же гель калеми менен толтурулушу текшерилет.

6.9. Кирүү сынактарында бөтөн адамдардын катышуусуна тыюу салынат.

6.10. Сынак бүтөрү менен тесттер, жооп бланкалары жана сынак баракчалары кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына тапшырылат.

6.11. Жооптуу катчы сынак комиссиясынын мүчөлөрү менен чогуу жазуу иштерин же жооп бланкаларын сынак баракчаларына, жазуу иштерине же жооп бланкаларына шарттуу шифр коюу менен шифрлейт.

6.12. Сынак баракчалары жооптуу катчыда калтырылып, мөөрдөлгөн сейфте сакталып турат, ал эми жооп бланкалары менен жазуу иштери сынак комиссиясынын мүчөлөрүнө текшерүү үчүн берилет, аларды текшерүү ЖОЖдо гана жүргүзүлөт. Кирүү сынагына тиешеси жок тараптар текшерүүгө киргизилбейт.

6.13. Сынак иштерин текшерүү ошол эле күнү, иштер шифрленип бүткөндөн соң өткөрүлөт.

6.14. Сынак иштерин текшерүүдө төмөнкү эрежелерди сактоо зарыл:

- калем менен боёлгон жооптор эсептелбейт;
- абитуриент тарабынан жооптун эки варианты боёлгон болсо, бул жооп эсепке алынбайт;
- жооп бланкасында коюлган балл менен катар текшерүүчүнүн колу коюлуп, фамилиясы жазылат;
- жооп бланкысында кол коюлган же ишке тиешеси жок башка жазуулар болсо, тапшырма эки сынакчы тарабынан текшерилет.

6.15. Компьютердик тестти өткөрүүдө суроолор менен жооптор компьютьердин мониторунда чагылдырылат. Бардык суроолорго жооп берилсе же жооп берүүгө бөлүнгөн убактысы аяктап калса, тестирлөө аяктайт. Тестирлөөнүн жыйынтыгы электрондук протоколдо жазылат. Абитуриентти тесттин жыйынтыгы менен тааныштыруу фактысы тестирлөө барагына коюлуучу абитуриенттин колу менен тастыкталат да, сынак ведомостунда катталат.

6.16. Абитуриентке конкурска катышууга укук берүүчү минималдуу босого баллы ЖОЖ тарабынан алдын ала аныкталат жана ал максималдуу алынуучу баллдын 40%нан төмөн болбоого тийиш.

6.17. Окутуунун акысын төлөө боюнча келишим менен окуу орундарына студенттикке катталууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси сынак өткөрүлгөн күндүн эртеси саат 10.00дон кечиктирилбей илинип коюлууга тийиш.

6.18. ЖОЖго катталган тараптардын жазуу иштери алардын өздүк делосуна тиркелет. Кабыл алынбаган абитуриенттердин жазуу иштери алты ай бою сакталат да, андан кийин жок кылынат.

**VII. Апелляцияга берүүнүн жана аны кароонун жалпы эрежелери**

7.1. Кирүү жана аттестациялык сынактардын жыйынтыгы боюнча абитуриент, сынакты өткөрүүнүн (анын пикири боюнча) аныкталган тартиби бузулгандыгы, жана/же анын жыйынтыгы менен макул эместиги тууралуу жазуу жүзүндөгү арыз менен апелляциялык комиссияга кайрыла алат. Жазуу жүзүндөгү сынак өткөрүүдө абитуриент өз иши менен тааныша алат.

7.2. Апелляцины кароо сынакты кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароодо кирүү сынагын тапшыруунун жыйынтыгын баалоонун тууралыгы гана текшерилет.

7.3. Апелляцияга арыз сынак баалары жарыялангандын эртеси күнү абитуриенттин жеке өзү тарабынан берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды кабыл алууну толук жумуш күнү ичинде жүргүзүүнү камсыз кылат.

7.4. Апелляция каралып жаткан учурда абитуриент катышууга укуктуу. Абитуриенттин өзүндө анын инсандыгын тастыктоочу документи жана сынак баракчасы болууга тийиш.

7.5. Жашы жете элек абитуриент менен (18 жашка чейин) ата-энесинин бири же алардын мыйзамдуу (мыйзамга ылайык жашы жеткенге чейин акыл-эси толук жайында деп таанылган өкүлү (жашы жете электерди эсепке албаганда) катышууга укуктуу.

7.6. Апелляция каралгандан кийин апелляциялык комиссия сынак боюнча баалоо тууралуу чечим чыгарат.

7.7. Апелляциялык комиссиянын курамында пикир келишпестиктер пайда болсо, добуш берүү өткөрүлөт, чечим добуштардын көпчүлүгүнө ылайык чыгарылат. Апелляциялык комиссиянын протоколдоштурулган чечими абитуриентке кол койдуруп алуу менен маалымдалат.

**VIII. Студенттикке каттоо**

8.1. Абитуриенттерди жожго билим берүүнүн бардык формаларына кабыл алуу алардын уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан абитуриенттин билими жөнүндөгү документти же анын көчүрмөсү болсо жүргүзүлөт.

Магистратуранын сырттан окуу бөлүмүнө жана тиешелүү профилдеги орто кесиптик билим берүүнүн базасында тездетилген программага кабыл алууда гранттык жана бюджеттик негизде окуган адистиктердин жана даярдоонун педагогикалык багыттагы бүтүрүүчүлөрү берген окуу жай тарабынан күбөлөндүрүлгөн базалык жогорку кесиптик билими (бакалавр) жөнүндө дипломдун же орто кесиптик билим жөнүндө дипломдун көчүрмөсүн, гранттык же бюджеттик негизде окугандыгы жана жумушка бөлүштүрүү жөнүндө окуу жайдын маалымкатын тапшырат.

ЖРТнын жыйынтыгы боюнча "Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу" АМС аркылуу төмөнкү документтерди электрондук түрдө тапшыргандан кийин, абитуриенттерди студенттеринин катарына кабыл алууга уруксат берилет:

- паспорту же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ЖРТ сертификатынын түп нускасы;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатынын, орто кесиптик билими жөнүндө дипломунун түп нускасы же анын көчүрмөсү;
- аскердик билет же аскердик каттоо күбөлүгү;

Документтердин түп нускаларын жана тиешелүү сүрөттөр санын абитуриентке окуу жылынын башталышында университеттин кабыл алуу комиссиясына тапшыруусуна уруксат берилет.

8.2. Абитуриенттерди ЖРТнын натыйжасы боюнча студенттик катарга кабыл алуу тестирлөөнүн натыйжалары жөнүндө сертификаттын түп нускасы болсо жүргүзүлөт. Кабыл алуу комиссиясына керектүү документтерди тапшыруу жолу менен жождо окууга өз каалоосун ырастаган абитуриенттердин ЖРТ жыйынтыктары эсепке киргизүүгө чейин Көз карандысыз тест кызматы тарабынан ырасталууга тийиш;

8.3. Абитуриенттерди жождун баардык бөлүмдөрүнө студенттеринин катарына кабыл алуу алардын уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан окутуунун акы төлөө келишиминин негизинде 31-августка чейин жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк жарандардын ичинен абитуриенттерди эсепке киргизүү мөөнөтү 15-октябрга чейин узартылышы мүмкүн.

8.4. Окутуу акысын төлөө келишими менен окуу орундарына оң баага шайкеш келген баллы болгон учурда абитуриенттердин төмөндөгү категориялары конкурстан сырткары студенттикке катталат:

- тоголок жетим жана кароосуз калган балдар (ошол жылдын 1-октябрына чейин 18 жашка чыга электер);
- дарыгер-эмгектик эксперттик комиссиянын чечими менен аныкталган кесип жана багыт боюнча адистик алууга тыюу салынбаган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар;
- эл аралык жана республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрү (ошол жылы 1-3-орунду алгандар), эгерде тандалып алынган кесип же багыт боюнча олимпиадалык предмет негизги болсо.";

8.5. Олимпиадалык оюндардын, дүйнөлүк чемпионаттын жана Азиялык оюндардын чемпиондору жана призерлору мамлекеттик жана муниципалдык жождорго дене тарбия жана спорт тармагындагы даярдык багыттары (бакалавр, магистратура) жана адистиктер боюнча кирүү сынактарсыз (сынактарсыз, тестирлөөсүз жана аңгемелешүүсүз) кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын спорт чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер, мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөн адамга, "Кыргызтест" системасын эске алуу менен мамлекеттик тил боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик тилге ээ болгон деңгээли жөнүндө мамлекеттик сертификаты бар адамга, жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылыктуу укуктардан пайдаланышат;

8.6. ЖОЖго чейинки даярдоо бөлүмдөрүнүн угуучулары ЖОЖдорго жалпы негизде кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын спорт чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер, мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөн адамга, "Кыргызтест" системасын эске алуу менен мамлекеттик тил боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик тилге ээ болгон деңгээли жөнүндө мамлекеттик сертификаты бар адамга, жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылыктуу укуктардан пайдаланышат.

8.7. Кирүү сыноолоруна жүйөөсүз себеп менен келбей калган, ошондой сыноолордо канааттандырарлык эмес баа алган тараптар конкурска катышпайт жана ЖОЖго студенттикке катталбайт.

8.8. Конкурстун жыйынтыгы боюнча студенттикке кабыл алынгандыгы тууралуу буйрук (буйруктар) кирүү сыноолорунда топтогон же ЖРТ сертификаты боюнча баллдардын саны көрсөтүлүү менен ЖОЖдун расмий сайтына жарыяланат жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактайына илинет.

8.9. КР ББИМи тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүдө абитуриентти конкурстук негизде мыйзамсыз кабыл алуу фактысы, анын ичинде ЖРТнын жыйынтыгы тууралуу тастыкталбаган маалыматты берген учурда студент бекитилген тартипте окуудан четтетилет.

8.10. ОшМУга орто кесиптик жана жогорку билимдин негизинде убактылуу күбөлүк менен кабыл алынган абитуриенттер дипломдун түп нускасын үстүбүздөгү жылдын 1-октябрына чейин тапшырбаса эскертүүсүз окуудан чыгарылат.

**IX. Маалымат берүү жана көзөмөлдөө**

9.1. Бардык ЖОЖдор өздөрүнүн уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан КР ББИМге кабыл алуунун жыйынтыгы тууралуу маалыматты төмөндөгү мөөнөттө беришет:

- бюджеттик каражат эсебинен окутууга кабыл алуу боюнча – 15-сентябрга чейин;
- акы төлөп окутууга кабыл алуу боюнча – 15-октябрга чейин;

9.2. ЖОЖдордун кабыл алуу комиссиясынын ишин көзөмөлдөө КР ББИМ тарабынан жүргүзүлөт.

**ОшМУнун кабыл алуу**
**комиссиясынын жооптуу катчысы:** **Аттокуров К. Ш.**